**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**АК-ТЕРЕК**

---

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XII кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 25-февралы №173 — Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагынын айыл тургундарынын турак-жай, сарай жана башка курулушка керектелүүчү кум-шагыл менен камсыз кылып иш алып барууга, Ак-Терек айыл өкмөтүнүн, "Ак-Эмгек-Талалык" муниципалдык ишканасы "Кара-Сай" участкасынан 57+00 чакырымындагы жалпы 1,0 га жер аянтын мыйзамдаштырып берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнанын кайрылуусунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын айыл тургундарынын турак-жай, сарай жана башка курулушка керектелүүчү кум-шагыл менен камсыз кылып иш алып барууга, Ак-Терек айыл өкмөтүнүн, "Ак-Эмгек-Талалык" муниципалдык ишканасы "Кара-Сай" участкасынан 57+00 чакырымындагы жалпы 1,0 га жер аянтына макулдук берүү боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын айыл тургундарынын турак-жай, сарай жана башка курулушка керектелүүчү кум-шагыл менен камсыз кылып иш алып барууга, Ак-Терек айыл өкмөтүнүн, "Ак-Эмгек-Талалык" муниципалдык ишканасы "Кара-Сай" участкасынан 57+00 чакырымындагы жалпы 1,0 га жер аянтын келишимдин негизинде мыйзамдаштырып берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын убактылуу милдетин аткаруучу Тиленбаева Уулкелди Кытайбаевнага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Д. Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** — **А.А. Мамбетов**